DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*Сооронбаева К.*

# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫНЫН ОКУТУУ НАТЫЙЖАЛАРЫН БААЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ

*Сооронбаева К.*

# ПРОБЛЕМЫ ОЦЕНИВАНИЯ РЕЗУЛЬТАТОВ ОБУЧЕНИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ПРОГРАММ

*K. Sooronbaeva*

# THE PROBLEMS OF EVALUATION LEARNING OUTCOMES OF EDUCATIONAL PROGRAMS

*УДК: 378.22(371.3)*

*Мамлекеттик билим берүү стандарты Болон процессинин принциптерине ылайык студенттерде компетенциялардын – билим, билгичтик, көндүм, инсандык сапаттардын жана жүрүм-турум моделдеринин динамикалык жыйындысын калыптандырууга багытталган. Мындай компетенцияларга ээ бүтүрүүчү эмгек рыногунда атаандаштыкка туруктуу келип, экономика жана маданият спектринде өзүн кесиптик жактан ийгиликтүү ишке ашыралат. Учурда жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык жогорку окуу жайлардын алдында студенттерде универсалдык жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу, калыптанган компетенцияларды объективдүү комплекстүү баалоо милдети турат. Макалада компетенциялардын калыптангандык деңгээлин баалоо, башкача айтканда билим берүү программаларынын окутуу натыйжаларын баалоо маселеси каралды. Окутуу натыйжалары – кантип өлчөөгө мүмкүн экендигин түшүндүрө турган сөздөр менен жазылган окутуудан алына турган натыйжалар жөнүндөгү билдирүү. Окутуу натыйжалары өлчөөнүн негизин жана студенттин жетишүүсү боюнча отчеттуулукту камсыздайт. Окутуу натыйжалары окуу процессинин аягында студент билип, түшүнүп жана көрсөтүп, жасап бере ала тургандыгы жөнүндөгү кыскача билдирүү катары аныкталышы мүмкүн. Окутуу натыйжалары бүтүрүүчү окууну аяктаганда билип, түшүнүп жана жасап көрсөтө ала тургандыгынын таксономиясы катары курулат. Алар билимдерди, көндүмдөрдү өлчөөдө жана колдонууда билинет. Акыркы жылдары окутуу натыйжаларына болгон акцент окутуучуга багытталган салттуу мамиледен «студентке багытталган мамилеге» өтүүгө түрткү болду. Студентке багытталган мамиледе акцент «студент окуп бүтүргөндөн кийин эмнени билип, түшүнүп жана көрсөтүп, жасап бере ала тургандыгына» жасалат. Ош мамлекеттик университетиндеги билим берүү багыттары боюнча мамлекеттик аттестацияга карата түзүлгөн баалоо каражаттарынын сапатына иликтөө жүргүзүлүп, кээ бир билим берүү программаларынын жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендерге карата комплекстүү тапшырмалары мисалга келтирилди. Мамлекеттик экзамендердин комплекстүү тапшырмаларын түзүүгө карата сунуштар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *мамлекеттик билим берүү стандарты, билим берүү программасы, компетенция, компетенттүүлүк, окутуу натыйжалары, бүтүрүүчү, баалоо каражаттары, квалификациялык иш, мамлекеттик экзамен, комплекстүү тапшырма.*

*Согласно принципам Болонского процесса государственные образовательные стандарты ориентированы на формирование у студентов компетенций – знания, умения, навыков, личностных качеств и динамического набора моделей поведения. Выпускник обладающий такими компетенциями может стать конкурентоспособным на рынке труда и успешно профессионально реализует себя в спектре отраслей экономики и культуры. В настоящее время по требованию государственных образовательных стандартов высшего профессионального образования перед вузами стоит задача - формировать у студентов универсальные и профессиональные компетенции, проводить объективную комплексную оценку сформированных компетенций. В статье была рассмотрена оценка уровня сформированности компетенций, то есть оценивание результатов обучения образовательных программ. Результаты обучения - это заявления о желаемых результатах обучения, которые выражаются словами, которые дают понять, как можно достичь измерения. Результаты обучения обеспечивают основу для измерения и отчетности об успеваемости учащихся. Результаты обучения могут быть кратко определены как заявления о том, что обучающийся должен знать, понимать и уметь продемонстрировать после завершения процесса обучения. Результаты обучения строятся как таксономия того, что выпускники должны знать, понимать и быть в состоянии сделать в результате обучения. Они выражаются в измерениях знаний, навыков и применения знаний и навыков. В последние годы акцент на результатах обучения представляет собой сдвиг от традиционного подхода, ориентированного на преподавателя к "подходу, ориентированному на учащихся". В подходе, ориентированном на учащихся, акцент смещается на то, что учащиеся, как ожидается, "будут знать, понимать и смогут продемонстрировать после завершения процесса обучения". Проведено исследование к качеству оценочным средствам итоговых государственных экзаменов по всем направлениям, приведены несколько примеров комплексных*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*задач государствнных аттестаций. Предоставлены предложения по разработке комплексных задач для государственных экзаменов.*

***Ключевые слова:*** *государственный образовательный стандарт, образовательная программа, компетенция, компетентность, результаты обучения, выпускник, средства оценивания, квалификационная работа, государственный экзамен, комплексная задача.*

*According to the principles of the Bologna process, state educational standards are focused on the formation of students' competencies – knowledge, skills, personal qualities and a dynamic set of behaviors. Graduate possessing such competences may become competitive in the labour market professionally and successfully implements themselves in the spectrum of branches of economy and culture. Currently, at the request of the state educational standards of higher professional education, universities face the task of forming students universal and professional competencies, to conduct an objective comprehensive assessment of the formed competencies. The article deals with the assessment of the level of formation of competencies, that is, the evaluation of learning outcomes of educational programs. Learning outcomes are statements about desired learning outcomes that are expressed in words that make it clear how measurement can be achieved. Learning outcomes provide a framework for measuring and reporting student performance. Learning outcomes can be briefly defined as statements that the learner should know, understand and be able to demonstrate after completing the learning process. Learning outcomes are constructed as a taxonomy of what graduates need to know, understand and be able to do as a result of learning. They are expressed in the dimensions of knowledge, skills and the application of knowledge and skills. In recent years, the focus on learning outcomes has represented a shift from a traditional teacher-centered approach to a "student-centered approach". The student-centered approach shifts the focus to what students are expected to "know, understand, and be able to demonstrate upon completion of the learning process." A study to the quality of evaluation tools of the final state examinations in all areas, are some examples of complex tasks of state certification. Proposals for the development of complex tasks for state exams are presented.*

***Key words:*** *state educational standard, basic educational program, competence, competency, learning outcomes, graduate, assessment tools, qualification work, state exam, complex task.*

Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнү дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоого багытталган реформалоо эки баскычтуу билим берүү системасына өтүү менен байланышкан. Реформалоонун башталышы катары жаңы муундагы билим берүү стандарттары иштелип чыкты. Бул стандарттардын маанилүүлүгү – билим берүү системасында компетенция термини аркылуу туюнтулуучу окутуу натыйжасына басым жасалгандыгында, тагыраак айтканда студентке факты-материалды берүүдөн окутууга компетенттүү мамилеге өтүүгө багыт алгандыгында. Мындай мамиле студенттерде компетенттүүлүктүн иштелип чыгуусуна шарт түзүп, өз кезегинде аларга алган билимин, тажрыйбасын жеке адистик багытта жана коомдо пайдаланууга шарт түзөт.

Изилдөөчүлөр компетенттүүлүк парадигмасы окутууга билимдик мамилени танбайт, компетенттүүлүк анын негизинде калыптанат жана аны түрткү берүүчүлүк, жүрүм-турумдук, инсандык жана башка компоненттер менен толуктайт деп белгилешет. Компетенттүүлүк мамиле дегенде көптөгөн изилдөөчүлөр «компетенция» түшүнүгүн кесиптик ишмердигин өнүмдүү аткаруу жөндөмүн камсыздоочу адамдын сапаттарынын компоненттери, иш-аракеттин жалпыланган жолдору катары чечмелешет. И.А.Зимняянын изилдөөлөрүндө «компетенттүүлүк» ишмердиктин белгилүү бир түрүндө актуалдаштырылган компетенциялардын жыйындысы түрүндө интеграцияланган мүнөздөмө катары берилген. Ал эми мамлекеттик билим берүү стандарттарында (МББС) **компетенттүүлүк –** белгилүү бир кырдаалда иш жүргүзүү үчүн зарыл жекече сапаттарды, билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өз алдынча колдонуу жөндөмдөрүнүн интеграциясы, **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасы боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар деп аныкталат [1].

Азыркы учурда мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талабына ылайык ЖОЖдор ар бир багыт боюнча негизги билим берүү программаларын (НББП) иштеп чыгууда. Биздин өлкөдө компетенттүлүккө багытталган билим берүү тажрыйбасынын жоктугуна байланыштуу негизги билим берүү программаларынын (НББП) окутуу натыйжаларын (ОН) формулировкалоодо жана баалоодо кыйынчылыктар байкалат.

Окутуунун натыйжалары – студент тиги же бул модулду өздөштүрүп бүткөндөн кийин ээ болуучу жана көрсөтүп (жасап) бере алуучу аны «түзүп турган» күтүлүүчү жана ченелүүчү компетенциялар: билим, практикалык жана ишмердик тажрыйба болуп саналат [2].

Окутуунун натыйжалары – кесиптик жана жалпы маданий компетенциялар аркылуу берилген ББКлардын топтому, аларды практикада колдонуу тажрыйбасы жана бүтүрүүчү окууну аяктагандан кийин жасай алуу (демонстрациялоо) жөндөмү [2].

НББПнын ОНдерин баалоо учурдук (күнүмдүк), аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияларда ишке ашат. Учурдук аттестацияда компетенциялардын кайсы бир бөлүктөрү гана текшерилип бааланат. Аралык аттестация семестрдин аягында

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жүргүзүлүп, билим, билгичтиктердин ири топтому, кээде кесиптик компетенциялардын калыптангандыгы экзамен формасында бааланат. Ал эми жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияда толугу менен окутуу натыйжалары, б.а. студент тарабынан өздөштүрүлгөн жалпы жана кесиптик компетенциялардын жыйындысы бааланат.

Бүтүрүүчүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын уюштуруу "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жободо" төмөнкүчө белгиленген:

- Жогорку кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо менен аяктайт.
- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоонун максаты болуп ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик тапшырмаларды аткарууга болгон даярдыгынын деңгээлин жана аларды даярдоонун жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына шайкештигин аныктоо эсептелет [3].

Ал эми МББСтерде мамлекеттик аттестацияны уюштуруу, жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендин суроолору жана тапшырмаларынын мүнөздөмөсү жөнүндө мындайча белгиленет:

- Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация бүтүрүү квалификациялык ишин коргоодон же/жана мамлекеттик экзаменден турат.

Мамлекеттик экзамендердин программалары (өзүнчө дисциплина боюнча, багыттар (адистиктер) боюнча, жыйынтыктоочу дисциплина аралык экзамен) жана бүтүрүүчү аттестациялык сынактардын баалоо критерийлери окуу-методикалык топтомдордун рекомендациясын эске алуу менен ЖОЖ тарабынан бекитилет [4].

- Мамлекеттик экзамендин программасы ЖОЖ тарабынан өз алдынча иштелип чыгарылат. Бүтүрүүчүнүн компетенциясына объективдүү баа берүү үчүн экзамендик суроолордун жана тапшырмалардын тематикасы комплекстүү болуусу зарыл жана конкреттүү компетенцияларды түзүүчү ар кайсы окуу циклдердин тандалган бөлүмдөрүнө дал келүүсү тийиш [4].

Окутуунун натыйжаларына жетүүнүн индикатору катары бүтүрүүчүнүн квалификациялык ишин жана дисциплиналар аралык экзамендердин тапшырмаларын аткаруудагы ийгиликтүү ишмердиги эсептелет. Квалификациялык ишти даярдоонун жана коргоонун жыйынтыгында бүтүрүүчүнүн практика жүзүндө изилдөө жана долбоорлоо (анализ, синтез) мүнөзүндөгү комплекстик тапшырмаларды аткаруу жөндөмдүүлүгү бааланат. Мында бүтүрүүчү билим, билгичтик жана көндүмдөрүн көрсөтүп (демонстрациялап) берет, ал эми мамлекеттик аттестациялык комиссия тиешелүү индикаторлорду жана критерийлерди колдонуп жетишилген окутуунун натыйжаларын баалайт. Бул изилдөөдө компетенттүүлүк мамиледе мамлекеттик экзамендерге карата түзүлгөн баалоо каражаттарынын учурдагы сапатына Ош мамлекеттик университетинин ББПларынын мисалында токтолобуз.

Жогоруда жоболордо жана МББСте белгиленген нормаларга, талаптарга жана компетенттүүлүк мамилеге шайкеш ОшМУда 2016-жылдан баштап мамлекеттик экзамендердин материалдарынын сапатына белгилүү талаптар коюла баштаган:

- ББПнын предметтери аралык комплекстүү тапшырмаларды түзүү;
- мамлекеттик экзамендин суроо-тапшырмалары тийиштүү багыт боюнча НББПнын ОНдерине багытталгандыгы, б.а. ОНдерди баалоого карата иштеп чыгуу.

Белгиленген талаптардын чегинде окуу жайда ар бир багыт боюнча баалоо каражаттары түзүлүп, мамлекеттик экзамендер уюштурулуп келет. 2017-2018-окуу жылына карата түзүлгөн мамлекеттик экзамендердин баалоо каражаттарынын сапатын талдоонун негизинде, бардык билим берүү программалары боюнча жалпы түзүлгөн суроо-тапшырмаларды төмөнкүдөй классификациялоого болот:

1. НББПлардын ОНдерине багытталган комплекстүү суроолор, б.а. тийиштүү ОНди баалоого карата түзүлгөн суроолор (1-2-таблица).
2. Тийиштүү ОНге багытталгандыгы күмөн жарата турган суроолор, б.а. ОНдин мазмунуна төп келбеген суроо-тапшырмалар (3-таблица).
3. Практикалык мүнөздө эмес, билүү, түшүнүү деңгээлиндеги суроолор. Мындай түрдөгү суроолор аркылуу НББПнын ОНдерин жеткиликтүү баалоого болбойт (3-таблица).
4. Комплекстүү мүнөздө эмес суроолор, тактап айтканда мамлекеттик экзамендин сынактарынын билеттери ар кайсы предметтер боюнча суроолордон турат (3-таблица).

Төмөндө түрдүү деңгээлдеги ББПлардын мамлекеттик экзамендеринин суроо-тапшырмаларынан бир нече мисалдарды келтирели:

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*1-таблица*

**Дене тарбия (бакалавриат)**

| **Мамлекеттик сынактын суроолору** | **НББПнын окутуу натыйжалары** |
|---|---|
| Дене тарбия сабагында көнүгүүлөрдү аткарууда колдонгон методдорго мүнөздөмө бер. | ОН3 – Окутуунун заманбап жана маалыматтык технологияларын колдонот жана өркүндөтө алат. |
| Өспүрүм спортчулардын тездигин өстүрүү үчүн физикалык көнүгүүлөрдү сунушта. М.: жүгүрүү, секирүү, оордуктарды көтөрүү. | ОН6 – Тандап алган спорттун түрлөрү боюнча заманбап усулдарды пайдалануу менен машыктыруучулук иш-аракеттерди жүргүзө алат. |

*2-таблица*

**Экономика (бакалавриат)**

| | |
|---|---|
| 2017-жылы ишкананын жалпы түшкөн кирешеси 2 500 000 сомду түзгөн. Ишкана 350 000 сом пайда тапкан. Ошол аралыктагы ишкананын чыгымдарын эсептегиле. | ОН1 – Кесиптик иште математикалык, табигый, гуманитардык, экономикалык илимдердин базалык жоболорун жана өз алдынча жаңы билимдерди колдоно алат. |
| Сиз өзүңүздү бөлүмдүн начальниги деп элестетиңиз. Сиз күндө ар түрдүү психологиялык көйгөйлөрдү чечесиз.<br>Сиздин кызматкерлериңиздин ортосунда пикир келишпестик пайда болду, бул өз учурунда алардын ийгиликтүү иштөөсүнө тоскоолдук кылат. Алардын ар бири пикир келишпестикти анын пайдасына чечип берүү сунушу менен кайрылышты, бул кырдаалда Сиз кандай чечим кабыл аласыз? | ОН7 – Негиздүү башкаруучулук чечим кабыл ала алат жана команданын (кызматкерлердин тайпасынын) ишмердүүлүгүн уюштура алат. |

*3-таблица*

**Педагогика (магистратура)**

| | |
|---|---|
| Педагогикалык методология деген эмне? Методологиялык билимдердин составына эмнелер кирет? | ОН8– Билим берүүнүн, тарбиялоонун максатына ылайык жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзөт жана колдой билет, окуучулардын рефлексияга, өзүнө-өзү баа берүү жана өзүнүн билим деңгээлин жогорулатуу боюнча жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыра алат. |
| Автордук мектеп деп кандай мектепти айтабыз? Автордук мектептердин үлгүлөрүнө мисал келтир. | ОН5 – Билим берүүнүн сапатын көзөмөлдөөнүн формаларын жана методдорун, ошондой эле көзөмөлдөө жана баалоо материалдарынын түрлөрүн долбоорлой алат. Билим берүүнүн натыйжаларын прогноздой алат, мониторинг жүргүзөт жана баа бере алат. |

Жогоруда келтирилген мисалдарда Дене тарбия (бакалавриат), Экономика (бакалавриат) багыттарында мамлекеттик экзамендин суроо-тапшырмалары тийиштүү ОНдерди баалоого карата багытталгандыгы, предметтер аралык комплекстүүлүгү көрүнүп турат. Ал эми Педагогика (магистратура) багыты боюнча суроолор тийиштүү ОНди баалоого жеткиликтүү эмес, тактап айтканда ошол ОНди баалоого багытталбаган, суроонун мазмуну ОНдин мазмунуна шайкеш келбейт жана бир гана предметтин чегинде түзүлгөн (комплекстүү мүнөзгө ээ эмес). Мындан мамлекеттик экзамендердин тапшырмаларын компетенттүү билим берүүгө ылайык долбоорлоо методологиясы аны түзүүчүлөрдүн баарына эле жеткиликтүү эмес деген тыянак чыгарууга болот, б.а. комплекстүү тапшырмаларды кандайча иштеп чыгуу боюнча тийиштүү көндүмдөр жетишсиз.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Компетенттүлүккө багытталган окутуунун негизги аспекти болуп окутуунун жана баалоонун жаңы усулдарын жана технологияларын түзүү эсептелет. Илимий-педагогикалык адабияттар көрсөткөндөй бул багытта оптималдуу окутуу жана баалоо технологиялары катары салттык усулдар жана каражаттардын алдыңкы ата мекендик эксперименталдык методикага жана заманбап чет элдик тажрыйбага таянган инновациялык усулдар менен айкалышы эсептелет. Мында салттуу окутуу жана баалоо (текшерүү) каражаттары компетенттүүлүк мамилеге ылайык өнүгөт, ал эми инновациялык каражаттар кеңири колдонулушка адаптацияланат.

Мамлекеттик экзаменди уюштуруу жана баалоого карата нормаларга, талаптарга ылайык, компетенттүүлүк мамиледе комплекстүү тапшырмалардын жардамында бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердикке даярдык деңгээли системалуу жана объективдүү бааланат.

Мамлекеттик экзамендин комплекстүү тапшырмаларына гуманитардык, табигый илимий жана кесиптик циклдагы бир канча дисциплиналардын элементтерин киргизүү мүмкүн, б.а. тапшырмалар *комплекстүү, кесиптик кырдаалдык же практикалык мүнөздөгү тапшырмалар* (суроолор) болот.

Комплекстүү тапшырмаларды пайдаланып мамлекеттик аттестацияны уюштуруу бүтүрүүчүнүн кесиптик компетенттүлүгүнүн калыптангандык деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк түзөт, ал эми салттуу методика менен даярдалган экзамендик билеттердин жардамында билимди гана баалоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошондой эле комплекстүү тапшырмаларды түзүүдө студент борбордо турган окутуу принциби да эске алынат [5].

Жыйынтыктап айтканда, мамлекеттик экзамендер үчүн комплекстүү тапшырмаларды иштеп чыгууда жогоруда белгиленген көйгөйлөрдү чечтетүү үчүн төмөнкү принциптерге таянуу максатка ылайыктуу:

- *максаттуулук - мамлекеттик аттестациянын максаты оптималдуу, жетүүгө мүмкүн болгондой, социалдык мааниге ээ жана перспективдүү экендигин чагылдырат;*
- *оптималдуулук - тапшырмалар компетенциялардын минималдуу калыптануусун баалоого ылайык түзүлөт;*
- *комплекстүүлүк – тапшырманы долбоорлоодо бардык элементтерди, иш-аракеттерди айкалыштыруу, алардын жыйындысын камтуу;*
- *интегративдүүлүк – компетенциялардын системалуу ишке ашышын талап кылган, тапшырмалардын толуктоочу, калыптандыруучу жана өнүгүүчү мүнөзгө ээ экендиги;*
- *түрткү берүүчүлүк - студенттерди керектүү маалыматты издөөгө түрткү берүүчү, ишмердигине өздүк баа берүүчү;*
- *ачыктык – жыйынтыктоочу аттестация процедурасынын ачыктыгы, баалоо критерийлеринин бардык бүтүрүүчүлөргө бирдейлиги;*
- *объективдүүлүк- берилген тапшырма аркылуу бүтүрүүчүнүн кесиптик компетенцияларын адилеттүү баалоо;*
- *аныктоочулук – бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердикке даярдыгы комплекстүү тапшырманы аткаруу менен аныкталуусун талап кылат.*

Демек, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга карата белгиленген принциптерди эске алып, ар бир программа тарабынан бүтүрүүчүнүн компетенттүүлүк моделине шайкеш комплекстүү тапшырмаларды иштеп чыгуу менен бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердикке даярдык деңгээлин, б.а. тийиштүү НББП-нын ОНдерин объективдүү баалоого мүмкүнчүлүк түзүлөт.

**Адабияттар:**


1. Жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты: «Физика-математикалык билим берүү» багыты (бакалавр). - Б., 2015.
2. Алтыбаева М. Кесиптик билим берүүдө окутуунун натыйжаларын долбоорлоо маселелери: Окуу-методикалык колдонмо. - Ош, 2018. - 224 б.
3. Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндө Жобо (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому).
4. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования. “Педагогическое образование” (бакалавриат и магистратура). - Б., 2015.
5. Шестакова Н.В. Проектирование комплексных аттестационных заданий для студентов бакалавриата (по направлению подготовки «технологическое образование») Дис.кан.пед.наук: 13.00.08 / Шестакова Н.В. - Ижевск, 2010.